КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

14.10.2025-жыл Базар-Коргон шаары

# Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз XIV-сессиясынын №1-ТОКТОМУ

IV Элдик Курултайга Базар-Коргон шаарынан делегаттарды шайлоо жөнүндө

"IV Элдик Курултай жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 11-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70, 71-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы №270 Жарлыгына, Базар-Коргон шаарынын мэриясынын аппарат жетекчисинин 03.10.2025-жылкы чыгыш №01-28/2956 сандуу катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз XIV-сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы №270 Жарлыгынын негизинде IV Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча Базар-Коргон шаарына бөлүнгөн бөлүктөрдө жарандардын жыйындарын жана жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын же курултайын өткөрүү боюнча иш-чаралардын календардык планынын тийиштүү пункттары боюнча колдоого алынсын.
2. Кезектеги IV Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча Базар-Коргон шаарына бөлүнгөн бөлүктөрдө жарандардын жыйындарын жана жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын же курултайын өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы №1-тиркемеге ылайык бекитилсин
3. Кезектеги IV Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча Базар-Коргон шаарына бөлүнгөн бөлүктөрдө жарандардын жыйындарын жана жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын же курултайын өткөрүү

боюнча графиги жана жыйындарды өткөрүүгө жооптуу депутаттардын тизмеси №2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. Кезектеги IV Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча Базар-Коргон шаарына бөлүнгөн бөлүктөрдө жарандардын жыйындарын жана жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын же курултайын өткөрүү мезгилинде коомдук тартипти жана коомдук коопсуздукту сактоо жагы Базар-Коргон райондук ички иштер бөлүмүнүн башчысына жүктөлсүн.
5. Токтомду аткаруу жана уюштуруу иштерин алып баруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри Н.К.Мамбеталиевге жүктөлсүн.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Аскар кызы Жанаргүлгө милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

14.10.2025-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз XIV-сессиясынын**
**№2 -ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарынын участкалык шайлоо комиссияларынын резервдерин толуктоо боюнча тиркемесин бекитип берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 30-сентябрындагы №272 Жарлыгына ылайык, Базар-Коргон шаарынын мэри Н.К. Мамбеталиевдин 08.10.2025-жылкы чыгыш №01-28/3008 сандуу катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз XIV -сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарынын участкалык шайлоо комиссияларынын резервдерин толуктоо тиркемеге ылайык аймактык шайлоо комиссиясына сунушталсын.Тиркеме №1
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри Н.К. Мамбеталиевге жүктөлсүн.
3. Токтомдун көчүрмөсү Базар-Коргон райондук аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы А. Нарматовго жөнөтөлсүн.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Аскар кызы Жанаргүлгө милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**